# Кочкор районундагы  Орток айылынын аталыш тарыхы




Кочкор районундагы Кара- Суу айыл аймагында Орток деген айыл бар. Айылдын эли Орток айылынын ысмын жеке ишкер маркум Таалайбек Курткаевдин ысмына котоpуу боюнча айылдык жыйында чечим кабыл алышкан.
Айыл тургуну, фермер Болотбек Асанбеков Орток тоосунун аталышы боюнча маалымат берди.

“Алгач Ортоктун тоосу тууралуу айтсак. Картадан карасаң же жөн карасаң да бул тоо Күңгөй Ала -Тоосуна кошулбай бөлүнүп турат. Бер жагынан карасаң Баба-Ата тоосу жайгашып, ага да кошулбай ортодо турат. Тоонун ар жак тарабында Шамшы, асты Кум-Дөбө айылдары жайгашкан. Бер жак тарабында Орток, Ак-Кудук, Комсомол , Дөң-Алыш айылдары жайгашып, ошол айылдарга тиешелүү ортодо турган тоо болгондуктан, (жалпыга орток) Орток

тоо деп аталган болушу керек. Ал эми Орток айылы жайык талаага жайгашып тең ортодон орун алган. Кочкордо шамал көп болот. Шамал Кызартын белинен жүрүп, кызарттын оозундагы коктудан болот. Дагы бир шамал Сөөктүн коктусунан, үчүнчү шамал Ийри-Суунун коктусунан келет. Ушул үч шамалды Ортоктуктар көөрүккө теңеп, Үч-Көөрүк деп коюшат. Ушул үч шамал тең алгач Ортокко тийип, анан Кочкор өрөөнүнө тарайт. Мына ушул себептен да Орток айылы деп аталган”, -дейт Болотбек Асанбеков.

Тарых иликтөөчү, Кум-Дөбө айылынын тургуну Кайырбек Коңурбаев: -«Байыркы мезгилден эле, Ортоктун тоосун баардык хандар жайкы ордо кылып, өрөөндөгү баардык кыймыл аракеттерге көз салып турушкан.

Кара -Тоонун (Ортоктун) тоосун айланта корутуп бул жерде байыр алып жашаган кийик-бугуларды аттырбай, хандар кайтарткан. Кийик-бугулар түштүгүндө Чүй суусунан суу ичип, кайра Кара -Тоого чыгып кетип турушкан.Түндүгүндө (Миң-Булак) Сарала-Саз, Ак-бел түздүгүнө чейин оттогон жер болгон.



Чынында эле Кочкор өрөөнүндө Кыргыз Ала-Тоосунан бөлүнүп, орто жерде Ортоктун тоосу турат, Ал тоо Кара-Тоо деп да аталат. Тоонун үстүндө эл айтып жүргөн деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктикте Манастын ордосу бар. Ордонун четинде Аккуланын мамысы жана колго түшкөндөрдү салуучу ор(зындан) да бар. Кароол чокудан караганда өрөөндүн баардык жагы алаканга салынгандай көрүнөт. Чыгыш жакка көз салсаң Ысык-Көл тарап, түштүк –чыгышында Долондун бели тарап, түндүгүнөн Шамчы (Кашат) ашуусу, түндүк-батышынан Кызарттын бели, арт жагында батышында Каракол ,Сөөк өрөөндөрү көрүнүп турат”,- -деди.

Орток айылынын башчысы Райымбек Салбаров Орток тоосунда Зындандын тоосу аталган жай бар экенин, ал жерде Манастын зынданы болгонун айтты. Санжыра, тарых иликтөөчү, филолог Кабылбек Жумабаев Орток айылынын аталышы Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдары колхоз, совхоздор курулганда ортоктошуп иштөө жана мал-мүлктү ортого коюп, коллективдүү иштетешүү дегенден чыгышы мүмкүн дейт. Бул айылда бир нече уруу жашайт. Ошол уруулар бу жер баарыбызга тийешелүү, ортоктошуп (биргелешип) жашайлы деп, айыл аты Орток болгон,- дейт. (М. Деркенбаев).

